# فضل الصحابة وحقوقهم

# Сахабалардын пазилети жана алардын укуктары


Түзүүчү :

**Шариаттык илимдердин доктуру**

**шейх Хайсам Сархан**

**«ас-Сунна» мектебинин башкаруучусу жана мурункуда Пайгамбар ﷺ мечитиндеги Институтунун мугалими**


**اللغة القرغزية**

**Кыргыз тили**

**ALSARHAAN.COM**

**MAHADSUNNAH.COM**

**Мээримдүү жана Ырайымдуу Аллахтын ысымы менен**

Алгачкы имамдардын китептеринде эскерилген жана ислам аалымдары макулдашкан Ахлю-Ссуннанын негиздеринин бири. Тактап айтканда булар:

— сахабалар ислам үммөтүнүн Пайгамбардан ﷺ кийинки эң мыкты адамдары, жана алар жүрөктөрү эң жумшак, эң билүүчү, жана эң оор басырыктуу болушкан;

— алар Аллах Куранда айткандарын жана Пайгамбар ﷺ сүннөттө айтканын маанисин эң жакшы билишет;

— алар башкалардан караганда Куран менен сүннөттү жакшыраак ишке ашырышкан;

— алар эң ырайымдуу жана азгырык менен диндеги бидааттардан эң алыс адамдар болгон;

— биз алардын бизге тастыкталып жеткен пазилеттерин жана бийик сапаттарын моюнга алышыбыз керек;

— бизде аларга болгон чынчыл сүйүү болуш керек, жана алар бизден мурун динге келип, бизге көптөгөн илимди жеткиргени үчүн Аллахтан алар үчүн ыраазычылык сурашыбыз кажет;

— биз алардын илимин окуп, жана алардан өзүбүзгө өрнөк алуубуз керек, ошону менен бирге алардын арасынан эч кимисине жүрөктө жек көрүү болбошу керек, жана жүрөктөрүбүз аларга карата таза болушу кажет;

— аларды каргап же алар тууралуу жаман сөз айтуу тыйылуу экени жөнүндө ишеним болуш керек, анткени бул нерсе Куранга каршы келет, Куранда алар үчүн көптөгөн мактоолор жана Акыреттеги көп сыйлыктар тууралуу убадалар келген;

— биз билишибиз керек, сахабалар жөндө жаман сүйлөө – бул пайгамбарга ﷺ болгон адепсиздик, анткени ал ﷺ сахабаларды жакшы көрүүнү буйруган.

Ал айткан: «Менин сахабаларым тууралуу жаман айтпагыла! Менин жаным Анын колунда болгон (Аллах) менен касам ичем, эгерде силердин бирөөңөр Ухуд тоосундай болгон алтынды садака кылса дагы, бул нерсе алардын садакасынын бируучтун жарымынада тең келбейт!» (аль-Бухари 3673, Муслим 2540)

— ошондой эле, алардын ортосундагы пикир келишпестик, талаш маселелерди таштоо керек, жана алардын ар бирөөсү акыйкатка умтулган мужтахид болгон деп ишенүү кажет, жана аларга ошол үчүн сыйлык берилет. Хадиске жараша ким туура чечим чыгарса, ал эки сыйлыкка татыйт, ал эми ким ката кетирсе, ага бир сыйлык;

— аларга карата айтылган, көбү жалаа жабуу болгон жамандыктарды таркатып, жайылтууга тыйуу салынат, ал эми анын арасында чындыгы болсо дагы, ал ушунчалык кымындай болуп алардын деңиздей болгон жакшы иштеринин арасында чөгүп кетет;

— ошондой эле алардын баары татыктуу мыкты адамдар болгону менен, алардын арасында ар кандай даражалуулары бар.

Алардын эң мыктылары 4 халиф:

Абу Бакр ас-Сыддык,

'Умар ибн аль-Хаттаб,

'Усман ибн 'Аффан,

'Али ибн Абу Талиб.

Алардан кийин эң мыктылары Бейиш менен сүйүнчүлөгөн 10 сахабанын калганы:
Тальха ибн 'Убайдуллах,
аз-Зубайр ибн аль-'Ауам,
'Абду-Рахман ибн 'Ауф,
Са'д ибн Аби Уаккъас,
Са'ид ибн Зайд,
Абу 'Убайда ибн аль-Джаррах.

Алардан кийин Бадр салгылашуунун катышуучулары.

Алардан кийин «Бей'ату-Рридуан» аталган бектик антын бергендер.